



Областтын туусунун жердиги кызыл болгон себеби-Кыргыз Республикасынын туусунун өңү кызыл, ошондуктан конкурстун шартына ылайык кызыл түс жердик катары кабыл алынды. Туунун ортосунда –теңирчиликтин белгиси. Ал көк түстөгү төрт чарчы алкакка алынган. Төрт бурчтук-бул төп келишүүчүлүктү, шайкештикти туюндурат. Көк түс-Көкө Тенирдин түсү, чексиз ааламды түбөлүк жашоону ассоциациялайт. Теңирчиликтин белгиси-бул көчмөн турмушта жашап келсе да көчмөндөрдүн философиясын иштеп чыгып, сактап, анын руханий эволюциясын камсыз кылып, өткөн доордон биздин күндөргө жеткирип кыргыз элинин улуулугунун символу. Талас кыргыздардын тарыхый борбору. Ошондуктан Талас XX-кылымда экономикалык ийгиликтер менен эмес, кыргыздын руханий потенциялы, тереңге кеткен тарыхы бар эл экендиги далилдеген аймак катары тарыхка кирип калды. Мындан ары да Талас кыргыз элинин руханий келечеги бар эл экендигин символдоштуруп турган аймак катары сакталып кала берери шексиз.

(Манастын күмбөзүнүн жанындагы Кароол Чокуга теңирчиликтин белгисин коюу керек деген идеяны дагы деле жактай берем-З.Осмоналиев).

Ал эми теңирчиликтин белгисине жети көк сызыктын агып кирип, кайра агып чыгышы-жер жүзүндө канчалаган улуттар менен элдер, бүтүндөй цивилизациялар жок болуп кеткен шартта кыргыз улуту сакталып, мындан ары өнүгө берет деген ойду билдирет. Көчмөн элдин көрөңгөлүү философиясын түзүп, аны сактап бүгүнкү күндө жаңы шартка ылайыктап, «Манастын» 7 осуят түрүндө улантуу- XXI –кылымдагы кыргыздардын милдети.

Областтык Кенештин
1998-жылдын 8-августундагы
№19/4 чечими менен бекиген
областтын желегин тандоо конкурстук
комиссиянын чечиминин негизинде
Талас областынын желеги кабыл алынган.

Автору: Осмоналиев Зайнидин Рыскановича
1964-ж туулган.
Талас областтык телерадиокомпаниясынын
сүрөтчү-жасалгалоочусу. Талас шаары.




ЭМБЛЕМА ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

АВТОР: худ. Малабек Бутешов

Негизги элемент катары мураздуу жер.
Талас өрөөнүндөгү тарыхый архитектуралык «Манас Ордо» комплексинин көрүнүшү. Эмблема түрүндө чагылдырылган.

1. ТАЛАС – жазуусу Манастын кароол чокусунун көрүнүшү. (көк түстө)
2. Четки, ортоңку кызыл түстөгү миниялык белги Манас музейинин архитектур. четки элементтери. (кызыл түстө)
3. Ортосундагы күрөң түстөгү сызыктар Манастын кушу (күрөң түстө)

Негизги түстөр: Көк, кызыл, күрөң.

Талас облусунун эмблемасынын автору: Малабек Бутешов

1998-ж. 8-август. кабыл алынган.